# ТАРЫХЫЙ УЛАМЫШ, САЛТТУУ САНЖЫРАДАГЫ КЫРГЫЗ ЭТНОГОНИЯСЫ

**Т. И. КАНДИДАТЫ М. КОЖОБЕКОВ**
Кыргыз–Түрк «Манас» Университети
Тарых кафедрасы

Кыргыз элинин тегин чагылдырган уламыш жана санжыралык кептерде илимий талдоого арзый турган эки багыт байкалат. Анын биринчиси — кыргыздардын этногенезисине байланыштуу салттуу санжыра маалыматтары, экинчиси — кыргыз этносунун жердеген мекенине жараша уламыш кептердин жаралышы жана өзгөрүш себептери.

Кыргыз теги тууралуу айтылган элдик санжыраны этникалык тарых айдыңына жараша иликтеп көрсөк, андан биз эки өзөктүү багытты баамдайбыз. Алар — «Түпкү атабыз түрк же Угуз хандан кыргыз тарайт» жана «кыргыз кырк кыздан чыккан» деген санжыралык кептер.

Айтылуу Тоголок Молдо кыргыздын тегин мындайча баяндайт: «Түрктүн сегизинчи муундагы тукуму Угузкан. Угузкандын уулдары Бурут, Бурат, Кыргыз. Кыргыз эли мындан мурун 2700* жыл чамасында дайындуу Кыргыз туулуп, өнүп–өскөн жерлери Казан Көл, Ак деңиз, Алтай тоолорунун арасында, Орхон дарыясынын боюнда, Эртыш дарыясынын өрөөнүндө жана Эртыш, Орхондун ортосунда Шапшак деген жерде турган. Жылкы малдары чаар жана ала келген. Ала жылкылуу, ак калпактуу кыргыз деп атак алып турган. Энисей деген жер, кадимден кыргыздын кандары ордо кылып, орун алып турган кенен жер» ***(Тоголок Молдо,1990: 10,11).***

Ал эми 1910–жылы туулган, уруусу мундуз, Кемин районунун тургуну Сабыр Жумабаев аксакал энисейлик кыргыздар жөнүндө кол жазманын таржымалын «сарбагыш уруусунан олуя Калыгулдун айтуусу боюнча Жузупбек деген молдо жазып, ал адамдын көзү

---

* Кыргызстан маданияты газетасында 1600 жыл чамасында түкшүмөлдөнөт // КМ. – 1990. – №39.

өткөндө Узакбай деген молдонун колуна өтөт. Узакбай молдо өлгөндөн кийин Узак деген адамда калат. Узак өлөөрдө Жумабаев Сабыр деген менин колумда турат ал кол жазма» ***(Жумабаев, No:659:1).*** – деп баяндайт. Ал кол жазмадагы дарек боюнча «кыргыздар Энисейдин боюнда 1200–жылдын аягында, 1300–жылдын башында, тактап айтканда, 1292–жылга чейин жашап турган. Көпчүлүк карыялардын сөзүндө Енисей суусунун боюнда Сейне деген кадырлуу байбиче болот, анын балдары да тың чыгып, ошол жер Сейне эненин наамында, Энесей деп аталып калган дешет» ***(Жумабаев,No:659:1).***

Эми болсо жогоруда келтирилген маалыматтарды жолдомо катары кармап, энисейлик кыргыздар жөнүндөгү уламыштарга жана алардын тарыхый айкалыштыгына көңүл буруп, талдоо жүргүзөлү.

Кыргыздар жөнүндөгү адегендеги тарыхый уламышты түрк санжырачыларынан жазылып алынган кытай жылнаамалары Чжоу шу, Бэй ши жана Суй шудан кезиктиребиз. Биринчи уламыш боюнча түрктөрдүн ата–бабалары чоң саздын жээгинде жашап турган чагында коңшу уруулар тарабынан кыргындалып, андан оор жарадар болгон он жашар бала аман калат.

Баланы ачкалыктан сактап, кийин анын аялы болгон канчык карышкыр имиш. Карышкыр баланы уруусун жок кылган душмандан да коргоп кала албай, өзү Гаочан (Турпан–М.К.) тоосунун түндүк тарабына качып барган экен. Карышкыр бир үңкүрдө, баягы өлгөн баладан он уул тууйт. Балдар эр жетип Гаочандын кыздарына үйлөнүшүп өз алдынча урууга бөлүнөт. Алардын биринин аты Ашина болгондуктан, анын уруусу ушул ысымда аталып калат. Ашина бөлөк бир туугандарына караганда жөндөмдүү болуп, жаңы түптөлгөн тайпанын кол башчылыгына дайындалат. Жүрө–жүрө уруулар көбөйүп, саны бир канча жүзгө жетет. Ашина тукумунан чыккан Асяньшад бөрү уруусун Гаочандан Алтайга көчүрүп келет. Ошентип алар Алтай тоосунун жергиликтүү аталышына жараша түрк аталып калат***(Аристов, 1964:103).***

Экинчи уламыш боюнча түрктүн ата–бабалары Со ээлигинен[1] чыккан. Тайпанын жол башчысы Апанбунун он жети бир тууганы болуп, алардын бири Ичжинишиду бөрүдөн туулат. Со ээлиги

---

[1] Н. А. Аристов боюнча Алтайдын түндүк кыркаларындагы Лебедь жана Бий сууларынын куймасындагы аймак. –Аристов Н. А, **Заметки,** Б.279.

душман жапырыгына кабылып, уруулар бириндеп тарап кетет. Ичжишудунун сыйкырдуу жөндөмдүүлүгүнөн улам, анын уруусу кыйла жакшы абалда калат. Анын шамал чакырып, күн жаадырчу жайчылык жайы болуп, эки аялы бар экен. Бири жаз кайыптын кызы, экинчиси кыш кайыптын кызы. Биринчи аялдан төрт уул болуп, бири «ак кууга» айланат [2]***(Аристов,1964:279)***, экинчи баласы Цигу[3] ***(Аристов,1964:280).*** аталып Афу—шуй жана Цзянь—шуй ( Абакан жана Кем, б.а. Енисай — М.К. ) аралыгында бийлик жүргүзүп калат. Үчүнчү уулу Чжучжеге ***(Аристов, 1964:280)*** көчүп келет. Нодулу—шадга Апанбунун уруусу кошулат. Нодулу—шаддын он аялы болуп алардын балдары өз энелеринин ысмында урууларга бөлүнгөн. Эң кичүү аялынан Ашина болгон. Ошентип, Нодулу—шад өлгөндөн кийин, салтка ылайык анын балдары тайпа башчыга шамдагай, эр жүрөк баатырды тандап шайлоо үчүн сынакка түшүшөт. Мелдештен Ашина жеңип, жол башчы болуп, Асьян—шад деген жаңы ысым алат.

Н. А. Аристовдон тарта ушул түрк уламыштарына кайрылган С. В. Киселев, Л. Р. Кызласов, С. Г. Кляшторный, Л. П. Потапов ж.б. окумуштуулар, андан айкын тарыхый окуяны чагылдырган тарыхнаамалык өзөктү баамдап, эки уламыштын уңгусу бир экендигин белгилешкен.

Түрк уламышынын түпкү жандырмагында дагы үч элдин тарыхы жатат. Алар уламышта так айтылган цигу — кыргыздар, «ак куу» тобу кыпчактар жана Чжучеге көчүп келген ашиналардын туугандары теле—огуздар (***Кляшторный,1990:99).***

Албетте, мындай учкул ой тарыхый талдоону талап кылат. Биринчиден, теле темасына кайрылган белгилүү окумуштуулар түрк тилинде сүйлөгөн урулардын баштапкы жазылышы Ch'in-le кийин Ting-ling (динлин) болуп өзгөрсө керек деп боолгошот (***Потапов,1969:148).***

III-IV кк. Телелер, кытай жазма булактары боюнча «гаогюй» б.а. бийик арабалар аталып жүрүштү. Ал эми V к. Тарта кытай даректери аларды теле ( түркчө «тегрег» араба, унаа ) деп атай баштышты.

605—ж. Батыш түрк каганы Чурын телелердин жүздөгөн уруу башчыларын кыргандан кийин алар экиге бөлүнүп, бири Чыгыш

---

[2] Лебедь суусунун жээгинде жашаган элдер XIX к. дале өздөрүн Куу / дарыя / киши деп аташкан. —Н. А. Аристов, **Заметки,** Б.279—280.

[3] Цигу кыргыз этнонимин берет. Караңыз: Яхонтов С. Е, **Древнейшее упоминание названия «киргиз»**// СЭ.—№2.—1970.

Түркстан жана Алтайда «бага каган» аталып, анын экинчи бөлүгү уйгурлар болсо Түндүк Монголияда орун алып, кытай даректери боюнча «тогуз—уруу», руникалык эстеликтерде тогуз—огуз деп жазылып калат ***(Кляшторный,1987:29).***

Кытайдын «Вэй шу» жазмасында «Гаоцюйлар кыязы, байыркы чидилердин бир бутагы болсо керек, адегенде алар дили аталып, түндүк жактагылар аларды чилэ дешсе, Кытайда болсо — гаоцюй динлин (бийик арабачан динлиндер) деген ат менен маалым» ***(Материалы,1984:401)*** деп кабарланат.

Канткен менен динлин теле огуз байланышы тарыхый чындык болсо керек. Эгерде бул жобону туура көрсөк, анда алар менен кыргыздардын баштапкы этникалык алакасы табылат.

VII к. башталышында Ли Янь Шоу тарабынан жазылган «Бэй ши» жана Вэй Чжен /VII к. башы/ жазган «Суй шу» тарыхында кыргыздар теле уруу конференциясынын курамында Чыгыш Теңир—Тоо аймагында кездешет. Анда «телелердин бабалары—сюннулар. Уруулары аябай көп. Иунун батышында», [4]***(Малявкин,1981:161)*** Яньцинин[5] ***(Малявкин,1981:165)*** түндүк тарабында, Байшандын айланасында циби, боло, чжи, де, субо, хэгу,[6]***(Karlgren,1940:226,254,Pelliot,120)*** едеу, жиху ж.б. жашашат» деп кабарланат.

Кытай жылнаамасында «хягас (кыргыздар—М. К.) бул байыркы гянь—гунь мамлекети. Калкы динлиндер менен аралашып кеткен» ***(Бичурин, 1950:120,125)*** деп айтылат. Жобобузду бекемдөө үчүн белгилүү археолог Д. Г. Савиновдун кызыктуу пикирин келтире кетели. Эгерде динлиндер теле болсо, анда байыркы түрк доорунда ал катмардан — сеяньто, уйгурга ж.б. окшогон түпкүлүктүү элдер пайда болмок ***(Савинов,1984:13).***

Эми байыркы кыргыздардын сеяньто, уйгур—огуз жана жалпы аталышы түрк карым катнашына көңүл бурсак.

Белгилүү чыгыштаануучу С. Г. Кляшторный кыпчактардын VII-

---

[4] Иу—Иулу сөздүн кыскартылган түрү. Азыркы Хами—Турфан районунун түндүк чыгыш тарабында жайгашкан. Кар: Малявкин А. Г, **Историческая география Центральной Азии**, М, 1981, Б.161.

[5] Яньци — азыркы КЭРдеги Карашар шаары. Кар: Малявкин А. Г, **Историческая география**, Б.165.

[6] Хэгу аталышы Б.Калгрэндин сөздүгү боюнча yuet-kuet же кыргыз болуп окууларын азыркы синологдор тарабынан кабыл алынган. Кар.: Karlgren B, **Grammata Serica**, Stocholm, 1940, Б.; 226, 254; Pelliot P. **Wotes Critique dy Histoire Kalmoune**, Paris, Б, 120, 125.

IX кк. чейинки таң калыштуу белгисиз тарыхын иликтөөдө эң сонун жоромолду айткан ***(Кляшторный,1986:157)***. Ал, 1909–жылы Г. Рамстедт тарабынан Селенга өрөөнүндө ачылып, кийин «Шине Усу жазуусу» аталган рун жазуусундагы «түрк–кыпчак» этномикасынын окулушун туура таап, ошол мезгилдеги, б.а. 691–742–жж. «кыпчак» аталышы бөлөкчө ысымда –түркчө «сир», кытай иероглифинде сеянто деген көмүскө ат менен белгилүү болгондугун баяндайт ***(Кляшторный,1986:157,161)***. Эгерде кыпчактар VIII–IX кк., б.а. ибн Хордадбектин маалыматына чейин сеяньто деген көмүскө аталышта белгилүү болсо, анда кыпчак менен кыргыздардын жок эле дегенде саясий ымаласынын болгондугу Кытай жазма булактарында айтылган: «Сеянто–Сйелиге ал жакка (кыргыздарга– М.К.) бийлик жүргүзүүгө бир адамды жиберүүгө буйрук кылчу» ***(Кюнер,1961:55)***.

«Танхуйяо» дарегине таянсак, 628–ж. 11–айында түрктөрдүн түндүк чегинде көтөрүлүш чыгып, Сели каган сеяньтолорго качып барган» ***(Бичурин,1950:339)***.

Сели–кагандын сеяньтолорго баш калкалашы, балким, 628–ж. Селинин атчан аскерлери уйгурлардан жеңилиши, сеяньто–уйгур коалициясынын ич ара бузула башташы жана 629–ж. сеяньтолордун уйгур сылифасы Тумидудан талкаланышына ***(Ахинжанов,1989:49)*** байланыштуу болсо керек. Сеяньтолорго келип кошулган Селиге сыцзин, түркчө иркин мансабы ыйгарылган ***(Кюнер,1961:185)***. Ал эми Инан болсо, каган наамына ээ болуп, өзүн Йенчү Бильге–каган деп жарыялайт. Сели каган өз ордосун Юйдуцзюнь тоосуна, б.а. Жунгария чөлүнүн /Дамо/ түндүгүрөөк жагына орноткон. Ага Хуйхэ, байегу, адийе, тунло, пугу, си тайпалары баш ийген ***(Бичурин,1950:302)***.

Инандын кагандык бийлик алышы Тан Кытайын чочулаткан. 629–ж. 2–айында Сели каган Кытайга элчи жиберип, кытай канышасынын колун сураган. Бирок начарлаган Сели кагандын колу, 630–ж. 2–айында кытай аскер башчысы Ли Цзин тарабынан Иншанда талкаланып, Сели каган жоодон качып чыккан ***(Кюнер,1961:49)***.

Ошентип Сели кагандын сеяньтолорго баш калкалашы 628–ж. 11–айынан 630–ж. 2–айына чейин созулган. Демек, кыргыздардын сеяньтолорго баш ийиши жана сеяньтолордун кыргыздардын үстүнөн жалпы бийлик жүргүзүү үчүн Селиге буйрук бере алчу мезгили ушул бир жылдан бир аз көбүрөөк убакытты кучагына алышы мүмкүн эле. Ал эми мусулман жазма даректеринде кыргыздар менен огуздардын жана кыпчактардын

тугандык катнашынан чындыкка тете деңгээлде маалымат алсак болот. Орто кылымдын аалымы Рашид ад–Дин ***(Рашид ад–дин,1952)*** жана Хива ханы Абу–л–гази ***(Абу–л–гази,1958:51)*** боюнча Ной (Нух) пайгамбардан тарта Кара–хан, андан Огуз–хан, акыркыдан алты уул, алардын 24 уул, анын бири кыргыз болгон.

Кыргыз санжыраларында, түпкү аталар катарына Түрк, Кара–хан жана Угуз–хандар кирип кетет. Ошондуктан адегенде сөздү Угуз–хан же жазма булакта жазылгандай Огуз–хандан баштасак. Огуз–хан жөнүндө уламыштар Махмуд Кашгаринин Диванынан тарта Абу–л–гази жана кыргыз санжыраларында да айтылып жүрөт. Огуз–хандын тарыхый инсандыгын жана Огуз–Өгүз–(Угуз) Ууз аталышынын этимологиялык чечмелениши боюнча окумуштуулар тарабынан ар кандай кайчы, ошол кезде өз алдынча негиздүү ойлор айтылган ***(Кононов,1958:82,84).*** И. Н. Березиндин пикири боюнча бул сөздүн сыры Угуз же кадимки эле Ууз (сүт) ***(Березин,1868:5,6)*** деген түшүнүктө камтылса керек.

Ал эми легендарлуу Огуз ысмынын жаралышы кадимки Өгүз–Бука менен байланышкан деген ойду А. Н. Бернштам убагында кең–кесири талдаган болчу ***(Бернштам,1935:33,43).***

Кантсе дагы Огуз–Өгүздүн кыргыз элинин тарыхында эскерилиши бекеринен эмес окшойт. IX к. кытай жазма булагы «Юян цза цзу» ак жүздүү, сары чачтуу кыргыздар бөрү уруусунан эмес экендигин баяндайт. Алардын ата–бабасы жаралган үңкүр Цюйманьшаь (Саян) тоосунан түндүгүрөөк жайгашкан. Өткөн заманда ал үңкүргө /кыргыздардын тукуму/ кудайдын коштоосу аркылуу уйдан жаралган[7] ***(Шефер,1981:107).*** Айтмакчы бул уламыш кыргыздар арасынан жазылып алынган. Анткен менен уламыш дареги кыргыз тегин уйга же өгүзгө алып барат деш ашыкча болор. Жазма эстелик маалымаатрынын жетишсиздигине карап, Өгүз же санжырадагы Угуз хандын кыргыз этногенезисине тиешеси бар же жок деп так кесе айтыш эртелик кылат. Жогоруда

---

[7] Дуань чен–ши. «Юян цза цзу». Изд. Сыбу цуинань, Шанхай б.г. Т.27. Изд.4 Б.37. Бизге котормосу менен кайрылып, баалуу кеңештери үчүн маркум Г. П. Супруненкого ыраазычылыгымды билдире кетем –М.К.; Э. Шефер. **Золотые персики Самарканда. Книга о чужеземных диковинках в империи Тан.**–М.,1981. –Б.107; Жогоруда айтылган авторлордун кытай дарегин чечмелөөдө айырмачылыктары бар. Г. П. Супруненко арбак буйволицаны ( топоздун бир түрү ) кош бойлуу кылган десе;–Шефер Э.–кудайдын уй менен жалгашуусунан пайда болгон деген ойду айтат. Кар.: Шефер Э. Золотые.–Б.107.

айтылган кытай жазма булак маалыматына үндөш фактыны XI к. перс автору Гардизинин «Зайн ал–ахбар» эмгегинен жолуктурабыз. Ал айрым кыргыздар уйга, бири шамалга, үчүнчүсү–кушка, төртүнчүсү–сагызганга, бешинчиси кирпиге, алтынчысы–кооз жыгачка сыйынат деп кабарлайт ***(Бартольд, 1969:48).***

Өз алдынча эки башка жазма маалыматы көрсөткөндөй, айрым кыргыздар, балким, уруу тобу уйга же өгүзгө сыйынган. Кыязы Өгүз этноними кыргыз уруусунун тотеми болушу мүмкүн. Жогоруда айтылган кыргыздар динлиндер менен аралашып кеткен деген кытай маалыматы, кыргыз тегине теле–огуздардын же тотемдик түшүнүгү өгүз менен байланышкан түрк тилдүү уруунун кошулушун айтып жүрбөсүн?

Дагы бир өзгөчө белгилей кетчү нерсе, турк элдеринин теги түбү келип үңкүргө байланат. Биз сөз кылып жаткан түрктөрдүн ата–бабасынын башаты да үңкүрдөн башталып, батыш түрк кагандары жыл сайын арбактарга курмандык чалыш үчүн ата–бабаларынын үңкүрүнө барышчу ***(Бичурин,1950:220,221).***

Алтайлыктардын «Ак–Тойчы» эпикалык чыгармасында, ак бөрү баланы каардуу Эркликтен сактап калыш үчүн ымыркайды өзү жашаган үңкүргө алып келет. Ал жерге бөрү маралдарды айдап келип, бала алардын сүтүн ээмп чоңоет. Жомоктун сонунда бөрү каармандын агасына айланат, Ак Тойчы болсо, Теңирдин кызына үйлөнөт ***(Потапов,1949:122,128).***

Жогоруда биз сөз кылган гаогюй–уйгурлардын түпкү теги да үңкүр менен байланышкан. Уламыш боюнча гаогюйлардын үй–бүлөсү түрктөрдөй эле хунндардан жаралган. Кайсыл бир заманда хунн шаньюйунан шумдуктай сулуу эки кыз төрөлөт. Шаньюй аларды күйөөгө бергиси келбей, эл жашабаган бийик жерге секиче салдырып, кыздарын камайт. Бир жыл өткөн соң карышкыр пайда болуп, күнү–түнү секичени кайтарып улуп жүрөт. Бөрү секиченин астына үңкүр казып алып, ал жерден чыкпайт. Шаньюйдун кичүү кызы ага боор ооруп, үңкүргө келип жашап жүрүп бөрүдөн уул төрөйт. Анын укум–тукуму кийин өз мамлекетин курат ***(Материалы,1984:401).***

Буга чейин айтылгандай, кыргыздардын түпкү теги да үңкүр менен байланышкан эмеспи. Бул эмне сюжеттик эле окшоштукпу, же мында этногенетикалык жалпы түшүнүк, этногониялык маани барбы?

Байыркы адамдардын дүйнө аңдоосу боюнча Жер үстү эне

кудайы менен байланышкан. Жер адамга, анын жашоо—тиричилигине керектүү нерселерди жаратат. Ал эми үңкүр болсо Жердин кундагы катары каралган. Башкача айтканда, Жер эне болсо, үңкүр анын кундагы. Андан бала төрөлөт, жашоо уланат.

Илгерки түркий элдеринин түшүнүгүндө үңкүр Умай эне менен байланыштырылат. Кытайдын Сучжоу шаарынан табылган эстеликте, Умай—ененин кундагы, карыны деген мааниде берилет.

Айтмакчы, кыргыздардын түпкү тегин чагылдырган дагы бир уламышта үңкүр эскерилет. Бирок анын мезгилдик жаралышы, сюжеттик маңызы бөлөк болгондуктан, санжыралык талкууну кийинки бөлүккө калтырсак.

Түркий калктардын уламыштарын жана диний түшүнүктөрүн талдоонун натыйжасы төмөнкүдөн жыйынтык чыгарууга негиз берет. Биринчиден, кыргыздар арасында айтылып жүргөн «Түпкү атабыз Түрктөн» жана «Угуз хандан кыргыз тараган» деген маалыматтын өзөгү байыркы доордогу этногенетикалык процессти чагылдырат. Кыргыз элинин түптөлүш башатына түрктөрдүн жана теле—огуз—сеяньтолордун жуурулушуп алакалаш болгондугун билдирет.

Экинчиден, кыргыздар дагы түркий калктарындай эле үңкүрдү кастарлап баалашат. Аны менен өз этногониясын байланыштырат. Демек,бул кийинки санжыралык нук байыркы доорду, түрк мезгилинен бери уланып келген элдин тарыхый эс—тутумун, ошол доордогу полиэтикалык мамиленин элесин чагылдырат.

Кыргыз санжырасын изилдеген илимпоздор же алар менен тааныш окурмандар да мындай ооз эки чыгарманын сюжеттик көп тармактуулугун аңдабай койбойт. Анткен менен ар түркүн ойлор айдынын иргеп, жалпылаштыруу жолу аркылуу кыргыз этногониясын кабарлаган экинчи санжыралык багытты байкайбыз. Ал кыргыз «кырк кыздан тараган» же кыргыздын теги «Ана—л—хакктан», Шамансур, Самансур ж.б. таралат деген учугу узун кептер. Биз бул санжыралык багытты шарттуу түрдө «40 сан» деп алып, анын пайда болуш мезгилин, тарыхый географиялык кырдаалдын тийгизчү таасирин талдоого өтсөк.

Кыргыздардын теги туурасындагы соңку маалымат кытайлардын «Юань ши» (Юань династиясынын тарыхы 1271—1368—ж.ж.) булагында эскерилет. Кыргыздардын айтуусунда жазылып алынган кабар боюнча «Цзилицзистер» (бул эл) өзүнүн тегин, качан Хань жеринин 40 кызы Устук эркектер менен үйлөнгөнүнөн башташат.

Бул (кырк) мааниге жараша жерин ушундай атап алышкан[8] ***(Кычанов,1963:59).***

Бул маалыматтар көрсөткөндөй, кыргыздардын теги тууралындагы уламыштар кылым аралап доорго жараша өзгөрүп жүрүп отурган. Ал түгүл Юань шинин эки редакциясында эле эки башка айырмачылык бар экендигин өз маалында кытай таануучу Ю. А. Зуев мындайча баамдаган: «Юаньшинин башкы редакциясында «хань ди» (б.а. ханьдык, кытай жери) иероглифинин ордуна «мо ди» (чөл, талаа жери) сөзү жазылган» ***(Зуев,1960:104).***

Уламыштык бул маалыматтын кыргыздардын кабарлоосунда кагазга түшүрүлгөндүгүн эске алсак, анда монгол доорундагы кыска мөөнөттө эле алардын этногониялык түшүнүгүндө «талаа элинен» «ханьдык кыздарга» бурулган өзгөрүштү байкайбыз.

Кыргыздардын тегине байланышкан кийинки кабар беймаалым автордун калеминен жаралган «Шажарат ал—атракта» айтылат[9] ***(Шажарат ал—атрак,№26190).***

Ал боюнча Огуз хандын доорунан миң жыл чамалуу убакыт өткөндөн кийин Тур ибн Фаридун мо(н)гол башкаруучусу Ильханды талкалап, кагылыштан мо(н)гол элинин кырк кызы бир тарапка, отуз уул бөлөк жакка качып, ошол кырк кыздан кыркыз (кыргыз), ал эми отуз баладан — отуз оглан (отуз уул) жаралат. ***(Шажарат ал—атрак,№26190:284).***

Мирхонддун «Раузат ас—сафа» (XV к.) эмгегинде «кыргыздарды ас (тар) деп аташат. Монгол тилинде «кыргыз» «кырк эр» деген маанини берет,» —деп кабарланат[10] ***(Мирхонд,No:5176:385).***

---

[8] Кычанов Е. И, Сведения в «Юань—ши» о переселениях киргизов в XIII веке /публикация источников/ Изв. АН Кирг.ССР.—СОН.—Т.V. В.I.—1963.—Б.59; Ушул эле маалыматты Ю.А.Зуев мындайча которот: «Илгери /тагы: башында/ кырк аял Хань жеринен келип усу /урсут/ (уруусунун) эркектерине турмушка чыккан: жана бул маани алардын аталышы катары кабыл алынган.»—Тамги лошадей из вассальых княжеств. /Перевод из китайского сочинения VIII—Хвв. Танхуйяо, Т.Ш, цзюань 72, стр. 1305—1308/// Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана.—Алма—Ата, 1960.—Б.104.

[9] Британия музейиндеги №26190—«Шажарат ал—атрак» кол жазмасынын котормосу/ Которгон Ахмедов Б.А., Ромодин В.А // УИА—Кол жазмалар бөлүмү.—Инв.№5176; Илимпоздордун пикири боюнча «Шажарат ал—атрак» Улугбектин «Тарих—и арба'улус»/Төрт улустун тарыхы/ эмгегинин көчүрмөсү. « Тарих—и арба улус» Улугбек /1394—1449/ мезгилинде жазылып, бизге жетпей калган эмгек.—Ошондо эле.—Б.259; «Шажарат ал—атрак»/Түрк санжырасы/ болжол менен XI к. экинчи жарымы, XVIк. башталышында жазылган. Кар.: Стори Ч. А. персидская литература. Био—библиографический обзор. Ч.П. —М., 1972.—Б.777—779.

[10] Мирхонд, **Раузат Ас—Сафа /Аруулуктун бакчасы/ УИА КЖБ**.—Инв.№ 5176, Б.385; Ушул эле маалымат, XVI к. орто ченинде жыйналган «Бадаи ат—таварих»

XVI к. болсо, кыргыз тегине байланышкан уламыш мурунку мезгилден бөлөкчө багыт алып өнүгөт. Адегенде Ахсикенттик молдо Сейф ад—дин жазып, кийин баласы Ноурыз Мухаммед ***(Маджму am—Таварих,1973:200)*** бүтүргөн «Мажму ат—Таварих» (XVI к.) эмгегинде кыргыздардын байыркы башатына байланышкан кызыктуу кабар айтылат. Ал боюнча айтылуу Сельжук султаны Санжар (1086—1157) гуздарды кырып, майдандан кырк гуз качып кутулат. Буга байланыштуу аларды фарсиче — «чехель гыз» (кыр гуз), түркчө — «кырк гыз» (кырк гуз) деп атап калышкан. Кырк гуз качып жүрүп Хожент тоосуна баш пааналап, ушул жерде жашап калат. Кырк гызан (кыргыз М.К.) ошол кырк гуздан тараган деп айтылат «Мажму ат—Таварихте» ***(Маджму am—Таварих, No:887: 9).***

Сейф—ад—дин Ахсикентинин эмгеги менен кыргыздардын тегин кабарлаган орто кылымдагы кол жазмалар түрмөгү жыйынтыкталат. Жазма эстелик даректери көрсөткөндөй, монгол дооруна чейинки кыргыздардын этногониялык түшүнүгү «40 сан» менен байланышкан эмес. Монгол мезгилинен тарта кыргыз теги, кыргыз этнониминин этимологиясы — кырк талаа кызы, ханьдык кырк кыз, кырк мо(н)гол кызы, кырк эр, кырк гуз маанисинде айтылып, санжыралык түркүмгө киргизилди.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе «Мажму ат—Таварихтен» тарта кыргыздардын этносаясий куралышы, айрым санжыраларда айтылгандай алардын теги «Аналхак» менен байланыштырыла баштайт.

Жазма эстеликтин кабарлоосуна караганда, Ибрагим имам Хожент шаарына келип, Хожент тоосундагы 40 гыздын (кыргыздын — М.К.) урпактары менен жолугат. Ана—л—хактын балдары Лур—хан менен Лур—бузург имамга сый урмат көрсөтүп, купулуна толгон соң, Ибрагим имам Лур—ханды оң канаттын сардары, ал эми Лур—бузургду болсо сол канаттын сардары кылып дайындайт ***(Маджму am—Таварих,No:887:14,15).***

Эми бул маалыматтын кыргыз санжырасында кандай өңүт алып, өнүккөндүгүнө көңүл бурсак.

Элибиздин санжыраларында Пшевыр деген жердеги хан сарайда Ша—Мансур жана анын карындашы Анал аттуу ыйык

---

жазма эстелигинде, «кыркыз» монгол тилинде «кырк кыз» дегенди түшүндүрөт, деп берилет //**Восточные авторы о кыргызах**, Б, 1994, Б.60.

адамдар жашаган имиш. Ша–Мансурга жеткен ушак–айынга караганда, анын карындашы түн жамынып кайдадыр кетет экен. Бир күнү Ша–Мансур карындашын аңдып барып Пшевардын жанындагы үңкүргө кирип, шайыр жаштар тобуна кошулат. Жергиликтүү молдолор Ша–Мансур менен Аналдын бул жосунунан күнөө таап, аларды өлтүрүүгө чечим чыгарат. Өлүм алдында Ша–мансур «Анал–хак, менам хак» (Анал ак (таза) мен таза ) деген имиш. Өлүктөр өрттөлүп, күлү хандын ак сарайына барчу арыктагы суyга салынат. Суу жээгине көңүл ачып жүргөн хандын кызы жана 40 кыз, суудагы «Аналхак, менам хак» деп үн чыгарып келаткан көбүккө кызыгып колдорун тийгизет. Ошондон кыздардын боюна бүтөт. Муну билип калган хан каарданып, аларды ак сарайдан кууп салууга буйрук кылат. Калаадан чыгып баратып 30 кыз «оңго», 10 кыз «солго» бөлүнөт. 40 кыз жалпы көз жарып, бир тобу – отуз–уул оң аталып, экинчи топ – он уул сол аталып калат экен ***(Винников,1956:140).***

Кырк кыз уламышынын бөлөк түркүмдөрү тууралуу кабар С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» эмгегинде келтирилген. Анын бир варианты боюнча: Акеше деген арабдардын Стам уруусунан чыккан дин адамы Сибирь, Енисей тараптагы калмактарга ислам динин таратууга барган. Андан Мансур аттуу бала төрөлөт. Кийин Мансур калмактарды ислам динине каратып, Минал деген уул, Апал аттуу кыздуу болот. Аларга байланыштуу окуянын калган бөлүгү жогорку санжыра кабарындагыдай эле өнүгөт[11] ***(Закиров,1996:12,17).***

Кыргыз санжыраларынын Аналхакка байланышкан түрмөгүнүн жандырмагы «Шажара–йи насаб наме–йи илатийа» (Көчмөн элдеринин жаралыш санжырасы) кол жазмасында айтылат. Жазма эстеликти адеп изилдеп, илим тармагына тартуулаган таанымал окумуштуу А. М. Мокеевдин пикири боюнча кол жазма XIX к. аягында жашаган Байгазы баатырдын убагында жазылган ***(Мокеев,1984:146,147).***

«Шажара–йи» Байгазы баатырдын ата–тегин мындайча

[11] Закиров С, **Кыргыз санжырасы**, Б, 1996.–Б. 12–17; Ч. Ч. Валиханов жазып алган санжыра боюнча кыргыздардын жаралышына Мансур аттуу дервиштин салымы зор. Жогоруда келтирилген санжыра мазмунундай эле, Мансур карындашы Халалды (аруу) ээрчип кудай жолуна берилет. Алланы оозунан түшүрбөй жер кезип жүрүп, жут каптаган Анжиян шаарына келет. Шаар калкы калааны каптаган кайгынын күнөөкөрү деп Мансурду кармап, дервишти өлтүрүп, анын керээзи боюнча сөөгү өрттөлүп, күлү көлгө салынат.–Валиханов Ч. Ч, **Избр**, Алма–Ата, 1958, Б.298–299.

баяндайт: «Хазрат Уккаштын[12] ***(Маджму ат—Таварих,No: 887:6)*** айтуусу боюнча Шейх—Мансур Халлаждын эркек жагынан тукуму Рашид ал—хакк, анын уулу Газ ад—дин—бий, анын уулу Амад ад—дин—бий, анын уулу Мансур ад—дин—бий, анын уулу Сейид ад—дин—бий, анын уулу Сейид—Али—бий, анын уулу Муз ад—дин—бий, анын уулу Долон—бий, анын уулу Арслан—бий, анын уулу Калпак—бий, анын уулу Түркмөн—бий, анын уулу Ормон—бий, анын уулу Бозлак—бий, анын уулу Сатыке—бий, анын уулу Каратай—бий, анын уулу Каракозу—бий, анын уулу Телкозу—бий, анын уулу Шергазы—бий, анын уулу Мырзакмат—бий, анын уулу Рахман—бий, анын уулу Галфур—бий, анын уулу Кабылан—бий, анын уулу Боз—Улан—бий, анын уулу Ак—Оглан—бий, анын уулуТагай—бий, анын уулу Кылжыр—бий, анын уулу Дөөлөс—бий, анын уулу Манап—бий, анын уулу Сүтөй—бий, анын уулу Сарысеит—бий, анын уулу Үчүке—бий, анын уулу Маматкул—бий, анын уулу Болот—бий, анын уулу Эсенгул баатыр, анын уулу Ниязбек—баатыр, анын уулу Субан—баатыр, анын уулу Мусаке—баатыр анын уулу Байгазы—баатыр» ***(Мокеев,1984:146,147).***

Санжыраларда буга чейин кыргыздын ата—теги Анал—л—хакк Аналак, Маналак, Шамансур, Самансур, Шайых Мансур деп бир адамдын аты ар башкача аталып келсе, «Шажара йиде» биринчи жолу ал шейх Мансур Халлаж деп толук түрүндө жазылды. Мында Шамансур, «Шаа»—«шах»—«шейх»[13] ***(Юдахин,1965:894;Карасаев, 1986:284)*** сөзү менен Мансур ысымынын кошулушун берсе; Маналак болсо, Мансурдун «Ман» кыскартуусу менен «анал—/х/ак» термининен куралган. Эмнегедир кыргыз этногониясында адамдын аты менен жөнөкөй термин бирдей ата—тек түшүнүгүндө кабыл алынган.

А. М. Мокеев туура белгилегендей, кыргыз санжырасында кадыресе айтылып келген Шейх Мансурдун таржымакалы айтылуу суфий шейхи Абу—л—Мугис ал—Хусайн б. Мансур ал—Халлаждын ысмы менен байланыштуу ***(Мокеев,1991:269).***

Орто кылымдагы илим адамдарынын пикирине жана кыргыз элинин этникалык аң сезиминде калыптанган көз карашка карасак,

---

[12] Маджму ат—Таварихте—Румдун хакимдери болуп адегенде 'Акаше, анан Худадид, анан — Ибн ал—Хакк, анан — Рашид ал—Хакк деп берилет.—Извлечение.—Инв. № 887.—Б.6.

[13] Кыргыз тилинде «шаа»—ирандын «шах» деген сөзүн түшүрөт.—Кар.: Юдахин К.К. **Киргизско–русский словарь**, М, 1965, Б.894; «Шаа» иран тилинен өзү баатыр, өзү хан деген түшүнүктү берет. —Кар.: Карасаев Х. К, **Өздөштүрүлгөн сөздөр**, Ф, 1986, Б.284.

шейх Мансур ал—Халлаж кыргыз этногониясында олуттуу орун ээлеген тарыхый инсан.

Илимпоздордун изилдөөлөрүнө караганда, ал—Халлаж окуучуларын ээрчитип 897—ж. Чыгыш Түркстанга келген ***(Мокеев,1991:147).*** Академик В.В. Бартольддун айтымында, шейх дервиштердин диний үгүттөөлөрү маданий аймактарга караганда, талаада ийгиликтүү тараган ***(Бартольд,1966:492,502).***

Ал—Халлаждын диний чакырыктары калк арасында катуу таасир калтырган. Мусулман авторлорунун белгилөөсү боюнча ал дал ушул мезгилде өзүн «ана—л—хакк»— мен кудаймын деген айтылуу сөзүн айткан. Анын динге жик салган чагымчылдыгы акыры ал—Халлаждын башына мүшкүл үйүп, куугунтук башталган. Бир канча жолу түрмөгө түшүп, андан амал менен качып кутулганына карабай, 922—жылы малакит кадийи Ибн Йусуф өлүм жазасына өкүм чыгарган ***(Ислам энциклопедический словарь, 1991:269,270).*** Ал — Халлаждын өмүрү, асыресе, өлүмү мусулман дүйнөсүнө таасирдүү элес калтырган. Ал—Бирунинин маалыматына караганда, ал—Халлажга 1000 балак урулуп, колу, буту, анан башы кесилип, сөөгү өрттөлүп, күлү Тигр дарыясына салынган[14] ***(Бируни,1957:218).***

Демек, ал—Халлаж жөн эле өлтүрүлбөй, аябай кыйналып жатып өмүрүнөн айрылган. Ал түгүл сөөгү өрттөлүп күлү дарыяга салынган экен. Буга чейин ал—Халлаждын кыргыз санжырасында айтылып жүргөн Шамансур, Аналхак менен байланышы бар экендигин адегенде илимпоз А. М. Мокеев белгилеп, аныктап берсе, эми анын өлүмү кыргыз санжыраларында айтылгандай өтүп, күлү дарыяга салынгандыгы билинип жатат.

Айтор, мындай окуянын элдин этникалык эс—тутумунда сакталышы, кыргыздар шейх Мансур ал—Халлажды пир тутуп калышы бекеринен эмес. Бул маселе адегенде алардын этнотерриториялык проблемасы менен тыгыз байланыштуу.

Жогоруда айтылгандай, кыргыздардын баштапкы этногенетикалык алакасы түрк, теле этностору менен бир алкакта, жалпы глотогенетикалык чөйрөдө өткөн. Буга кытайдын Чжоу шу, Суй шу сыяктуу жылнаамаларындагы түрк адамынын айтуусунда жазылып алынган уламыш дареги күбө. Асыресе, белгилей кетүүчү жагдай ал эки уламышта жалаң эле түрк элдери эмес, түпкүлүктүү

---

[14] Абурейхан Бируни, Избранные прооизведения, Т. I, Ташкент, 1957. Б. 218. ал—Бируни ал—Халлажды өлүм жазасына тарткан жыл Хижранын 301—ж. 913—914ж. деп жаңылыш датаны кабарлайт (—М. К.) Ошондо эле.—Б.218.

түркий калктары эсептелген—кыргыз, теле—огуз, кыпчак этносторунун жаралыш тарыхы камтылган.

Эмнегедир айрым окумуштуулар кыргыз каганатынын мерчемдүү тарыхы Енисейде өткөндүгүнө карап, аларды Түштүк Сибирь чөлкөмүнө жайгаштырып жүрүшөт. Анткен менен «талаа Иллиадасы» аталып, элдин тарыхый эс—тутумунун энциклопедиялык жыйынтыгын камтыган «Манас» эпосунан тарта, жазма булак маалыматтарына чейин, кыргыздардын баштапкы мекени Чыгыш Түркстан чөлкөмү болгондугу кабарланат. Эпостун элестүү бир эпизодунда, Манас кыргыздарды Алтайдан Ала Тоого көчүрүп, бул жосунду «атадан калган жерди ээлеш үчүн жасалгандыгын» түшүндүрөт ***(Орозбак уулу,1980:24).***

Бул фольклордук маалыматтын түпкүлүктүү тарыхый негизи бар. «Хань тарыхынын» (Хань шу) автору, аксарайлык тарыхнаамачы Бань Гунун маалыматы боюнча хунндардын шаньюйу Чжичжи б.з.ч. 49—жылы усундарды талкалап, андан соң түндүк тараптагы уцзелерди баш ийдирет. Алардан кошуун курап, батыш тараптагы цзянькундарды (кыргыздарды —М.К.) талкалайт. Андан кийин аларга түндүк жакта жайгашкан (уцзе жана кыргыздардын —М.К.) динлиндер баш ийет. Чжичжи өз ордосун кыргыз жергесине орнотуп, усундарга каршы кыргындуу жортуулун улантып турган. Ал эми хундардын хан ордосу кыргыздардан чыгышка 7000 ли, Чеши болсо түштүктү карай 5000 ли аралыкта жайгашкан. Соңку чыгыштаануу иликтөөлөрү боюнча кыргыз жергеси Дзосотын—Элисун чөлү менен Боро—Хоро кырка тоо аймагында орун алган ***(Боровкова,1989).***

Кыргыздардын ата—бабасынын жерине кайра көчүп келиши, кандайдыр бир «миграциялык кыймыл», «ыңгайлуу соода байланыш түйүнүн ээлөө» же «согуш экспансиясы» деген жоромолдоого муундардын муктаждык парзын кошууга негиз бар.

Кыргыз этногониялык эс—тутумунда шейх Мансур ал—Халлаждын түпкү баба катары кабыл алынып калынышынын бир себеби, алардын бир бөлүгүнүн Енисейден Теңир—Тоого жер которуш көчү менен түздөн—түз байланышы бар.

Кытай, араб, перс авторлорунун маалыматтарына караганда, 840—жылкы кыргыз—уйгур согушунан кийин кыргыздардын бир бөлүгү Чыгыш Теңир—Тоого оогон.

Тан династиясынын тарыхында кыргыз каганынын элчиси

Табу–хецзу[15] ***(Супруненко,1970:79).*** «Кыргыздар Хэло дарыясына[16] көчүп келип, дароо уйгур мамлекетинин жеринде жашап жатат, ага кошумча – Аньси (Куча), Бэйтин (Беш–балык), татар жана башка беш урууну алды», ***(Малявкин,1983:101)*** деп билдирген.

Убагында академик В. В. Бартольд X кылымдын беймаалым перс автору жазган «Худуд ал–Алам» жазма булагындагы «Пенчул (Үч–Турпан) каллук өлкөсүндө жайгашкан, мурда ал тогуз гуз тарабынан бийленсе, азыр аны кыргыздар басып алган», жана «Кашгар Чин чөлкөмүнө кирет, бирок йагма, Тибет, кыргыз жана Чин чегинин аралыгында орун алган», ***(МИКК:41)***–деген маалыматтарга таянып, кыргыздардын азыркы Мекенине көчүшү X кылымга чейин жүрсө керек деп белгилеген ***(Бартольд,1968:72).***

Айтмакчы, мусулман өлкөсү Карахандар менен Турфан мамлекетинин чегинде түндүгүндө – Куча жана Бугур, түштүгүндө – Черчен болгондугун, бул аралык монгол басып алуусуна чейин сакталгандыгын В. В. Бартольд аныктаган болчу ***(Бартольд, 1968:81).***

Бул багытта Сельжук хансарайсынын табыбы Шараф аз–Заман Тахир ал–Марвазинин (XI–XII кк.) «Табаи ал–хайаван» эмгегиндеги маалыматтар өтө баалуу. «Түрктөрдүн катарына хирхиздер да кошулат, жайкы чыгыш (Түндүк–чыгыш) менен түндүк аралыгында жашаган көп сандуу эл.

Кимактар алардын түндүгүндө ( жашайт), ягма жана харлухтар – батышында, Куча менен Арк кышкы батыш (түштүк батыш) жана түштүгүндө (аларга жанаша жайгашкан» ***(Marvazi,1942:18).*** «Хирхиздерде өлгөндү өрттөө салты бар, – деп улантат ал–Марвази,– андан алар от тазартып, адал кылат деп айтышат. Алардын салты мына ушундай болчу. Качан мусулмандарга коңшу жайгашкандан тарта өлгөндү көмө баштаашты» ***(Marvazi,1942:18,19).***

Кыргыздардын мусулмандарды коңшу жашап калышы жана ата салтындагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү илим үчүн эң маанилүү даректер.

Балким жер которгон кыргыздар арасында көмүү салтында эле өзгөрүү болбой ислам динин үгүттөгөн суфийлик шейхтерди пир тутуп, шейх Мансур ал–Халлажды баба башаты караган этникалык эс–тутум калыптанган.

---

[15] Г. П. Супруненконун чечмелөөсү боюнча Тапу Алп Сол – **Из древнекыргызской ономастики** // СТ №3.–1970. –Б.79.

[16] Эдзин–Гол дарыясы. –М. К.

Илимде «кырк кыз» түшүнүгү мусулмандардын «ыйык», шамандыкта «кайып колдоочу» образын берээри белгилүү ***(Басилов,1988:32).*** Ошондон улам, эки башка чөлкөмдө, бөлөк чөйрөдө, «Юань ши» боюнча Түштүк Сибирь, мусулман даректери кабарлагандай Түркстанда жашаган кыргыздар өз этногониясын «кырк кыз» менен байланыштырса керек.

Кыргыз уламыштары, салттуу санжыра түрмөктөрү кыргыз элинин миң жылдарды кучагына алган тарыхына шайкеш өнүгүп, мерчемдүү этносаясий өсүү этаптарын чагылдырат.

Кыргыз элинин жаралышы тууралуу айтылган уламыштык маалыматтар, алар жашаган чөйрөгө, этногеографиялык кырдаалга, диний көз карашка ылайык өзгөрүп отургандыгын байкайбыз.

Талдоонун жыйынтыгы катары кыргыз этногониясына байланышкан уламыш, санжыралык маалыматтар боюнча төмөнкүдөй мезгилдик бөлүнүштү сунуш кылар элек:

—Түрк доору. Кыргыз элинин түрк, динлин — теле — огуз, кыпчак этностору менен болгон этногенетикалык алакасы (Суй шу, Чжоу шу, Бэй ши, Юян цза цзу, Тан шу, Зайн ал Ахбар).

—Карахандар мезгили же адегендеги мусулман дининин таралыш убагы:

Айрым кыргыз уруулары арасында сөөк коюу салты өзгөрүп, өз этногониялык башатын шейх Мансур ал—Халлаждан таржымакалданат (Табаи ал—Хайаван, Мажму ат—Таварих).

—Монгол доору. Кыргыз эли полиэтникалык мүнөздө курала баштайт (Шажарат ал—атрак, Раузат ас—Сафа).

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

АБУ—Л—ГАЗИ., (1958), **Родословная туркмен/**пер. А. Н. Кононова, М;Л.

АРИСТОВ Н. А., Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей.//**ЖС**, Вып, III—IV.

АХИНЖАНОВ С. М., (1989), **Кыпчаки в истории средневекового Казахстана**, Алма—Ата.

БАРТОЛЬД В. В., (1966), **К истории религиозных движений X в**, Соч, Т. 6, М.

БАРТОЛЬД В. В., (1968), **Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии,** Соч, Т. V–М.

БАРТОЛЬД В. В., (1969), **Извлечение из сочинения Гардизи «Зайн ал–ахбар»,** Соч, Т.4, М.

БАСИЛОВ В. Н., (1988), Кырк кыз, **Мифы народов мира**, Т.2, М.

БЕРЕЗИН И. Н., (1868), **Рашид–эддин. Сборник летописей. История монголов. История Чингиз–хана до восшествия его на престол**, Спб.

БЕРНШТАМ А. Н., (1935), Историческая правда в легенде об Огуз–кагане//**СЭ**, №6.

БИЧУРИН Н. Я., (1950), **Собрание сведений о народах обитающих, в Средней Азии в древние времена**,Т. I, М.;Л.

БОРОВКОВА Л. А., (1989), **Запад Центральной Азии во втором веке до н. э.–VIIв. н.э**, М.

ВИННИКОВЯ Р., (1956), Родо–племенной состав и расселение киргизов на территории Юной Киргизии//**ТКАЭЭ**, Т.I, М.

ЖУМАБАЕВ С., **Кыргыз санжырасы**//Кыргыз ИА Кол жазмалар бөлүмү, Инв, **№ 659.**

ЗАКИРОВ С., (1996), **Кыргыз санжырасы**, Б.

**ИСЛАМ ЭНЦИКЛОПЕДИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ**, (1991), М.

КЛЯШТОРНЫЙ С. Г., (1964), **Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Сред. Азии**, М.

КЛЯШТОРНЫЙ С. Г., (1987), Надпись уйгурского Бегю–кагана в Северо–Западной Монголии//**Центральная Азия Новые памятники письменности и искусства**, М.

КЛЯШТОРНЫЙ С. Г., САВИНОВ Д. Г., (1990), **Древнетюркские этнополитические обьединения и их роль в этногенезе Средней Азии и Казакстана//Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казакстан**, М.

КЛЯШТОРНЫЙ С. Г., СУЛТАНОВ Т. И., (1992), **Казахстан летописи трех тысячелетий**, Алма–Ата.

КЛЯШТОРНЫЙ С. С., (1986), **Кипчаки в рунических памятниках** //Turcologiga, Л.

КОНОНОВ А. Н., (1958), **Родословная туркмен. Сочинение Абу–л–гази хана Хавинского**, М;Л.

КЫЧАНОВ Е. И., (1963), Сведения в «Юань–ши» о переселениях киргизов в XIII веке /публикация источников/ **Изв. АН Кирг, ССР**, СОН, Т.V, В. I.

КЮНЕР Н. Ю., (1961), **Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока**, М.

МАДЖМУ АТ–ТАВАРИХ., (1973),//**МИКК**.–М, Б.200; А. Т. Тагирджановдун котормосунда Нур–Мухаммед.

МАЛЯВКИН. А. Г., (1983), **Уйгурские госурдарства в IX-XII вв,** Новосибирск.

MARVAZI., (1942), **On China, the Turks and India** // Transl, comment by V.Minorsky. –London.

**МАТЕРИАЛЫ по истории древних кочевых народов группы дунху**, (1984), М.

**МАТЕРИАЛЫ по истории дунху,** (1984), М.

**МИКК**, Б. 41.

МОКЕЕВ А. М., (1984), **Новый источник по генеалогии киргизского народа //Источниковедение и текстология средневекового Ближнего и Среднего Востока,** Б.

ОРОЗБАК УУЛУ САГЫМБАЙ, (1980), **«Манас»,** Т.2, Фрунзе.

ПОТАПОВ Л. П., (1949), Героический эпос алтайцев//**СЭ**, №1.

ПОТАПОВ Л. П., (1969), **Этнический состав и происхождение алтайцев**, Л.

РАШИД АД–ДИН., (1952), **Сборник летописей**, Т.I, М;Л.

САВИНОВ Д. Г., (1984), **Народы Южной Сибирии в древнетюркскую эпоху**, Л.

«СОБРАНИЕ ИСТОРИЙ. МАДЖМУ АТ–ТАВАРИХ», (1960), Л., Б.4. Извлечение из «Маджму ат–Таварих» /перевод, введение и комментарии В. А. Ромодина // **УИА КЖБ.– Инв. № 887.–Б.9.**

ТОГОЛОК МОЛДО., (1990), **Тарых, түпкү аталар**//Ала–Тоо, №9.

ЯХОНТОВ С. Е., (1970), Древнейшее упоминание названия «киргиз»//**СЭ**, №2.